# Айт маарек болсун!

Урматтуу мекендештер!

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Баалуу металлдар департаменти Сиздерди ыйык Орозо айт майрамы менен чын жүрөктөн куттуктайт!

Бул куттуу күндө журөгүбүз ыйманга толуп, жан дүйнөбүз тынчтыкка жана мээримге бөлөнсүн. Орозо айт – боорукерликтин, кайрымдуулуктун жана биримдиктин символу. Ар бириңиздерге үй-бүлөлүк бакыт, аманчылык жана береке каалайбыз!

Жараткан өлкөбүзгө тынчтык, элибизге ынтымак, иштерибизге ийгилик насип кылсын!

Орозо айтыңыздар маарек болсун!

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Баалуу металлдар департаменти




---

# Нооруз майрамыңыздар кут болсун!

**Урматтуу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Баалуу металлдар департаментинин эмгек жамааты!**

Жаркыраган жаз менен, эл күткөн Нооруз майрамы да босогону аттап кирип келди.Нооруз майрамы чындап эле нурдуу, жакшы тилектердин майрамы.

Нооруз-жаңы башаттардын башталышы. Жазда өрүк гүлү менен кошо жаңы үмүт-тилектер бүчүр алып, дыйкандар кош айдап, үрөн сээп, түшүмдүүлүктүн көп болушун тилегендей биз да Нооруз майрамында элибизде ынтымак, биримдик болсун деп аруу каалоо-тилектерди тилейбиз.

Ушул кубанычтуу майрамда жергебизде тынчтык болуп, улуу Нооруз күнү жаралган таза сезимдериңиздер эч качан өчпөсүн.

Ылайым ар бирибиздин жүрөгүбүздө жакшылыктын, биримдиктин, бир туугандыктын сезими согуп турсун. Ушул ыйык күнү үйүңүздөргө кут конуп, ишиңиздерди ийгиликтер жылоолоп, элибизге ынтымак-ырашкерлик, үй-бүлөңүздөргө бакыт-таалай алып келсин.

Ар бирибиз үчүн бул жыл бактылуу жыл болсун. Ынтымакчылыктын, бекем достуктун, экономикалык өсүп-өнүгүүнүн, ийгиликтердин, ар тараптуу жетишкендиктердин жылы болсун.

Дайыма жүзүңүздөр жарык, маанайыңыздар шат болсун.Тилеген ой-максаттарыңыздар орундалсын.

**Дагы бир жолу майрамыңыздар менен!**

**Терең урматтоо менен Баалуу металлдар департаментинин директору Кадыракунов Алмаз Асанакунович.**




# Департамент драгоценных металлов усиливает контроль за оборотом ювелирных изделий в Кыргызстане

Департамент драгоценных металлов при Министерстве финансов Кыргызской Республики продолжает активную работу по выявлению и пресечению незаконного оборота ювелирных изделий из драгоценных металлов на территории Кыргызской Республики.

В ходе проведенных мероприятий, направленных на соблюдение законов в сфере драгоценных металлов и драгоценных камней на территории Кыргыской Республики, было установлено, что значительная часть ювелирных изделий поступает в Кыргызстан нелегальным путем. Согласно отчету ГТС 2-ТС, в 2024 году в страну официально было импортировано 201 кг золотых и 1 267 кг. серебряных украшений. Однако реальный объем продукции, поступающей на рынок, значительно превышает эти показатели.

Государственным комитетом национальной безопасности (ГКНБ) совместно с Департаментом драгоценных металлов при МФ КР был проведен рейд в торговых центрах “Берен Голд” и “Берекет Гранд”. В ходе проверки было выявлено и изъято 82 кг золотых украшений, не имеющих пробирных клейм КР.

Согласно установленным требованиям, все ювелирные изделия должны проходить опробование и клеймение перед тем, как быть выставленными на продажу. Однако лишь 20% ювелирных изделий имеют пробу Кыргызской Республики. Важно отметить, что реализаторы не смогли предоставить информацию о происхождении этих изделий, а также о поставщиках, что свидетельствует о высоком уровне теневого рынка.

В связи с этим Департамент продолжит работу по выявлению незаконного оборота драгоценных металлов и привлечению к ответственности лиц, нарушающих законодательство.

Напоминаем, что административный штраф за отсутствие пробирного клейма КР на ювелирных изделиях составляет 28 000 сомов для каждого субъекта предпринимательства, независимо от веса изделий. В соответствии с действующими ставками пробирного сбора, опробование и клеймение государственным клеймом составляют 34 сома для золотых изделий и 24 сома для серебряных.

Департамент драгоценных металлов совместно с другими компетентными органами продолжит усиленный контроль за оборотом драгоценных металлов в стране. Важно понимать, что борьба с незаконным оборотом требует комплексного подхода, включающего не только усиление контроля на границах, но и развитие механизмов прозрачности в ювелирной отрасли.

Мы призываем предпринимателей соблюдать установленные нормы и провести опробование и клеймение ювелирных изделий из драгоценных металлов в установленном порядке.

Баалуу металлдар департаменти зер буюмдардын жүгүртүлүшүнө көзөмөлдү күчөтүүдө

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Баалуу металлдар департаменти өлкө аймагында баалуу металлдардан жасалган зер буюмдардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүн аныктоо жана алдын алуу боюнча активдүү иш-аракеттерди улантууда.
Баалуу металлдар жана баалуу таштар тармагында мыйзамдардын сакталышын камсыз кылуу боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралардын жүрүшүндө, зер буюмдардын олуттуу бөлүгү Кыргызстанга мыйзамсыз жолдор менен киргизилери аныкталды. ГТС 2-ТС отчетуна ылайык, 2024-жылы өлкөгө расмий түрдө 201 кг алтын жана 1 267 кг күмүш зер буюмдары импорттолгон. Бирок, базардагы зер буюмдардын реалдуу көлөмү бул көрсөткүчтөрдөн бир топ жогору экени байкалууда.
Ушуга байланыштуу, Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитет (УКМК) жана Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин Баалуу металлдар департаменти биргеликте “Берен Голд” жана “Берекет Гранд” соода борборлорунда рейд өткөрүштү. Натыйжада, Кыргыз Республикасынын пробир белгилери жок 82 кг алтын зер буюмдары аныкталып, алынган.
Учурдагы талаптарга ылайык, бардык зер буюмдар сатыкка чыгарылганга чейин пробадан өтүп, мамлекеттик пробир клеймосу менен белгилениши керек. Бирок текшерүүлөр көрсөткөндөй, зер буюмдардын болгону 20% Кыргыз Республикасынын белгиленген стандарттарына жооп берет. Мындан тышкары, сатуучулар бул зер буюмдардын келип чыгышы жана жеткирүүчүлөр тууралуу так маалымат бере алышкан жок. Бул болсо көмүскө экономиканын деңгээли жогору экенин дагы бир жолу тастыктайт.
Ушуга байланыштуу, Департамент баалуу металлдардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүн аныктоо жана мыйзам бузгандарды жоопкерчиликке тартуу боюнча иш-чараларын улантат.
Эске салсак, Кыргыз Республикасынын пробир клеймосу жок зер буюмдарды саткан ишкерлик субъекттерине административдик айып 28 000 сомду түзөт жана бул сумма зер буюмдардын салмагына карабастан колдонулат. Ошондой эле, учурдагы пробирдик жыйымдын тарифтерине ылайык, алтын зер буюмдарын пробирлөө жана мамлекеттик клеймо коюу 34 сомду, ал эми күмүш зер буюмдары үчүн 24 сомду түзөт.
Баалуу металлдар департаменти тийиштүү мамлекеттик органдар менен биргеликте өлкөдөгү баалуу металлдардын жүгүртүлүшүнө көзөмөлдү күчөтүүнү улантат. Мыйзамсыз жүгүртүлүшкө каршы күрөшүү комплекстүү чараларды талап кылат, бул чек арадагы көзөмөлдү күчөтүү менен гана чектелбестен, зергерчилик тармагында ачык-айкын механизмдерди өнүктүрүүнү да камтышы керек.
Биз ишкерлерди мыйзам талаптарын сактоого жана баалуу металлдардан жасалган зер

буюмдарды апробациядан өткөрүп, мамлекеттик клеймо койдурууга чакырабыз.

---

# Утвержден отчет Кыргызской Республики о результатах Национальной оценки рисков финансирования террористической деятельности и легализации (отмывания) преступных доходов.

Ссылка на полную версию:


https://ddm.kg/%d0%b2%d0%be%d0%bf%d1%80%d0%be%d1%81%d1%8b-%d0%bf%d0%be-%d0%bf%d0%be%d0%b4-%d1%84%d1%82/

---

# Кыргыз Республикасынын Президентинин№ 369 “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” уңгу жолу жөнүндө” Жарлыгын жайылтуу максатында иш чара болуп өттү.

Бүгүн 2025-жылдын 14-февралында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Баалуу металлдар департаментинде бардык кызматкерлердин катышуусунда , Кыргыз Республикасынын Президентинин
№ 369 “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” уңгу жолу жөнүндө” Жарлыгын жайылтуу максатында иш чара болуп өттү.
Иш чара да Мамлекеттик баалулуктрады сактоо бөлүмүнүн башкы адиси Б.Кожоев , кызматкелерге “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” аттуу презинтация көрсөттү.
Презинтация да “Уңгу жолдун негизги багыттары бул – үй-бүлө, коом жана мамлекет. Мамлекеттик, коомдук-саясий, жарандык институттардын ишин бир нукка алуу менен

нарктуу, мекенчил, жоопкерчиликтүү жарандардыкалыптандырып, кубаттуу мамлекет куруу болуп саналат”- деген өңдүү бир катар демилгелер айтылды. Бул жарлыктын мындан ары жайылышына жана аткарылышына бардык кызматкер дилгир экени байкалды.




Кыргыз
Финансы
караштуу баалуу
Кыргыз
"Улуттук дөм - дүйнөлүк
Бишкек ш. 2024-жылдын








Кыргыз Респу
Финансы мин
караштуу баа
Департ
Кыргыз Республик
"Улуттук дем - дүйнөлү
ПРЕЗ
Бишкек ш. 2024-жыл
“УЛУТТУК ДЕМ-ДҮЙНӨЛҮК
БИЙИКТИК” УҢГУ ЖОЛУ
ЖӨНҮНДӨ
Иш чара